**БАТЫРАЛИЕВ А.,**
*Ош МУ*

# ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНА КЕСИПТИК ЖАРАКТУУ ЖАШТАРДЫ ТАНДАП АЛУУНУН УЧУРДАГЫ МАСЕЛЕЛЕРИ

*Аннотация*

*Статья посвящается проблеме профессионального отбора молодежи в педагогические вузы. Автор утверждает, что основной причиной нехватки учительских кадров в школах является отсутствие профессионального отбора при наборе студентов в педвузы.*

*Abstract*

*Abstract the article is devoted to the problem of professional selection of youth at pedagogical universities. The author argues that the main reason for the shortage of teachers in schools is the lack of professional selection when hiring students in pedvuzy.*

Кыргыз республикасынын билим берїї кызматкерлеринин III съездинде педагогикалык адистерди даярдоонун, билим берїінін сапатын жогорулатуунун кєйгєйлїї маселелери кєтєрїлдї. Єзгєчє, мектептерде педагогикалык кесипке жан дїйнєсї менен берилбеген, эптеп-септеп кїн єткєргєн, балдарга берген билими жугумсуз, педагогикалык ишмердикке кесиптик мотивациясы жок адистердин иштеп жатышы Президент тарабынан катуу сынга алынды. “Айрым мугалимдер мектепке “мойнунан байлагандай” араў келишет. Тїрмєдє отургансып, сабактын аягына чейин араў чыдап отурушат. Булардан кантип билим жугат? Андыктан кесибин сїйбєгєн мугалимдер менен мектептер кош айтышуусу зарыл ”-деп Президент жан кейитип айтып кетти(1). Ушул эле ойду Президентибиз 1-сентябрда мектептеги “Билим” майрамында єзгєчє белгилегенине теле берїїдєн баарыбыз кїбє болдук.

Курултайда Президент мектепке Ч. Айтматовдун Дїйшєнїндєй бїт жан дїйнєсїн, энергиясын балдарды тарбиялоого арнаган, окуучулардын сїймєнчїгї болгон мугалимдердин келишин тилек кылып кетти. Муну менен Президентибиз мугалимдик кесипке татыктууларды б.а. балдарга жїрєгїн арнаган жаштарды тандап алууну жана даярдап чыгууну педагогикалык окуу жайларынын алдына милдет катары койду деп билсек болот.

Чындыгы, бїгїнкї кїндє педагогика илиминин жана мектеп практикасынын єтє актуалдуу маселелеринен болуп мугалимдик кесипти жан дїйнєсї менен тандап алган, кесиптик жарактуу абитуриенттерди педагогикалык окуу жайларына кабыл алуу менен мектептерге кесиптик мотивациясы, багыты калыптанган адистерди даярдап чыгаруу эсептелинет. Себеби, педагогикалык окуу жайларды бїтїрїїчїлєрдїн негизги бєлїгї мектептерге такыр барбай жатышат. Ушул мезгилде єлкєдє официалдуу билдирїї боюнча 2340 мугалимдин жетишпей жаткандыгы баарыбызга маалым (2). Эў єкїнїчтїїсї – мектептерде кээ бир предметтердин мугалимдин жоктугунан окулбай жаткандыгы. Бул багытта И. Арабаев атындагы КМУнун ректору , профессор Т. Абрахманов мындай опурталдуу статистиканы кєрсєтєт: ” Ал эми мугалимдер менен толук камсыз болбогон мектептер расмий маалымат белгилегендей єлкєдєгї жалпы мектептердин 56,6% эмес, 95-100%ти тїзєт” (3). Эгерде ушул статистикага таянсак Кыргызстанда толук кандуу иштеген мектептерибиз дээрлик жок эсептїї болуп чыкты. Албетте, мындай кєрїнїшкє коомдогу социалдык-экономикалык проблемалар жана мугалимдик кесиптин статусунун тємєндїгї єз таасирин тийгизїїдє. Бирок, Айтматовдун Дїйшєнїнє окшогон чыныгы мугалимдердин мектепке келбей жатышы коомчулукту тынчсыздандырбай койбойт. Мектепке кандай мугалим керек? Бул маселени кандай чечебиз? деген суроолордун їстїнєн педагогика илими жана прогрессивдїї мугалимдер тынымсыз иштєєдє. Ал эми Чынгыз Айтматов бул проблемага Алтынайдын сєзї аркылуу мындайча жооп берет: “...Бирок, кээ бир азыркы жогорку билимдїї, маданияттуу мугалимдер Дїйшєн сыяктуу єз кесибин сїйїп, жїрєк

жалыны менен ошого берилсе болоор эле. Анткени мугалим деген талмудист[1] эмес, ал кайсыл доордо болбосун, дайым – революциялык тарбиячы, антпесе анын коомго берген пайдасы кем болот”(4,96). Ушул сөздөр курултайда Президент тарабынан да айтылып кетти.

Президенттин идеясын бүгүнкү күндө белгилүү окумуштуулар А.И.Щербаков, Н.В.Кузьмина, Н.Д.Хмель, Ф.Н.Гоноболин, В.А.Сластенин ж.б. өз илимий эмгектеринде далилдеп жатышат. Мугалимдин кесиптик калыптануусун көп кырдуу изилдеген окумуштуу-педагог, академик В.А.Сластенин мындай дейт: “Жүргүзүлгөн анализ педагогикалык ЖОЖдорго кесиптик мотивациясы жана жөндөмдүүлүгү, шыгы жок абитуриенттердин келип жаткандыгын тастыктайт” (5,123).

Академик И.Ф.Харламов бул маселени тынчсыздануу менен: “ К сожалению, при наборе студентов в педагогические институты и на педагогические отделения университетов пока не предусматривается определение их профессиональной пригодности, зачисляют всех, кто сдает необходимые вступительные экзамены. Вот почему в школу попадает не мало учителей, заведомо профессионально непригодные, что резко отрицательно сказывается на обучения и воспитания учащихся” (6,465).

Президент съезде сүйлөгон сөзүндө В.А.Сухомлинскийдин бул маселедеги ойлорун да тастыктап кетти. В.А. Сухомлинский “Мугалимге жүз насаат” деген китебинде болочок мугалимдерге мындайча кеўеш берет: “Жаштар, менин силерге айтаарым: өзүўөрдү текшерип көргүлө-эгерде эмгек ырахат тартуулабаса мектептен кеткиле, турмуштагы ордуўарды аныктагыла, сүйгөн ишиўерди тапкыла. Ансыз эмгектенген жылдарыўар азап болот” (7,9).

Кыргыз педагогдору да бул маселени тынчсыздануу менен коомчулукка айтып келет: “Болочок мугалимдикке өтүүнү каалаган абитуриентти кирүү экзамениниң ордуна рентген тарткан сүрөттөй кылып, жалпы маданий деўгээлин, көз карашын, мүнөзүн, тандаган адистигине зарыл билимин жана практикалык ык, машыгууларын, ошондой эле педагогика, көркөм өнөр, техника, спорт боюнча алган маалыматы менен мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо зарыл. Болочок мугалимдин сырткы кебетесин, сөз маданиятын, тилинин тактыгын, адамдар менен мамиле түзүү жана уюштуруучулук жөндөмүн сөзсүз текшериш керек” (8,130).

Окуучуларга кандай мугалим керек? В.А.Сластениндин изилдөөсүндө 13 миўден ашуун окуучуларга мугалим кандай болуш керек, анын кайсыл сапаттарын биринчи орунга коер элеўер деген суроону бергенде, көпчүлүгү биринчи орунга жылдыздуу (обаятельный), өзүнө тарта билген, коммуникативдик жөндөмдүүлүк сапаттары өнүккөн мугалимдерди коюшкан. Мугалимдин билими 3-4-орунга түшүп кеткен. Демек, мугалимдерди кабыл алууда окуучулардын мүдөөсүн да эске алат окшойбуз. Себеби, мугалим бала үчүн, бала мугалим үчүн керек эмеспи!

Президент, окумуштуулар жана мектеп практикасы мугалимдик кесипке мотивациясы күчтүү, жөндөмдүү жаштарды кабыл алууну далилдеп жатышса министрлик бул маселеге кандайча карайт? Чындыгын айтсак, азырынча мугалимдик кесипке шыгы, жөндөмү бар жаштарды тандап алуу жөнүндө сөз боло элек. Жалпы республикалык тестирлөөдөн жакшы балл алгандарды гана кабыл алып жатабыз. Бирок, министр Э. Сариева “Кут билимге” берген интервьюсунда “”Во всех лидерах-странах сушествует строгий отбор студентов на педагогические специальности”-деп мугалимдик адистиктикке тандап алуу өнүккөн өлкөлөрдө жүргүзүлүп жаткандыгын көрсөтөт (9). Бирок, Министр айым ал өлкөлөрдөгү мугалимдикке тандап алуунун жолдорун көрсөтүп кетсе жакшы болмок. Билим берүү кызматкерлеринин III съездинде кабыл алынган Резолюцияда бул маселеге өзгөчө басым жасалды. “Жаштарды педагогикалык кесипке багыттоо иштери күчөтүлсүн. Келечектеги педагогдорду тандоо ыкмалары кайра каралсын”-деп белгиленди (10). Демек, курултайдын катышуучулары Президенттин пикирин жана мектептердеги

[1] Талмудист (китептин айтканынан чыкпаган, китептердеги айрым сөздөрдүн маанисине түшүнбөй эле, аларды жаттап алуучу киши).

түзүлгөн кырдаалды туура баалап, педагогикалык жогорку окуу жайларына кабыл алуунун мазмунуна, формасына, усулдарына кайрадан олуттуу мамилени жасоону сунушташты. Биз да, бүгүнкү илимий конференциянын катышуучулары бул идеяны кубаттап министрликке кайрылуу жасашыбыз керек болуп жатат.

Биз ОшМУда мугалимдик кесипке кандай абитуриенттер кабыл алынып жатат деген суроолордун айланасында изилдөө иштерин жүргүзүп көрдүк. Доцент Н.Шадиев тарых адистигинин 2-курсунун студенттеринен анкета, дилбаян алганда мугалим болууну жан дүйнөсү менен тандап алгандыктарын 6 студент белгилешсе, калгандарды түрдүү себептер менен эле окуп калгандыктарын айтышкан. Мындай көрүнүш биология, химия адистиктеринен да байкалган. Ушундай эле абалды республиканын башка педагогикалык окуу жайларынан да байкасак болот. Эмне кылыш керек? Мүмкүн ушундай система менен мугалимдикке кабыл ала беребизби же мамилени өзгөртөбүзбү? Өзүбүз билгендей жаз айларында ЖТРдин айланасында коомчулукта чоӊ дискуссия болгон. Депутаттар, прогрессивдүү мугалимдер, окумуштуулар ЖТРди башка форма менен алмаштырууну сунушташкан. Бирок, министрлик ЖТРди өзгөртүүгө мүмкүн эмес экендигин далилдеп келет. Мүмкүн, министрликтин позициясы туурадыр, анын да жакшы жактары бар чыгаар. Ошол эле мезгилде илим менен реалдуу мектеп практикасын, Ч. Айтматовдун Алтынайдай окуучуларынын ой-пикирин, мүдөөсүн эмне үчүн эске алсак болбойт? Изилдөөлөргө таянсак: “Вместе с тем, рядом исследований установлено, что между результатами приемных экзаменов и показателями профессиональной пригодности не существует прямой и влиятельной связи» (5,134) – деп айтылып, кирүү сынагында алынган бийик балл менен мугалимдикке болгон кесиптик жарактуулуктун ортосуна байланыш жок экендиги далилденет. Окумуштуулар абитуриенттин билими менен эле бирге анын кесипке болгон мотивациясын, жарактуулугун да кабыл алууда сөзсүз эске алыш керек деп эсептешет. Биздин оюбузча министрлик мындай кадамга азырынча даяр эместей. Эгерде кандайдыр бир реформаларды жасайбыз десек министрлик догмалык көз караштан арылып реалдуу мектеп практикасынын муктаждыктарын ишке ашырышы зарыл.

Жогоруда айтылгандарды жыйынтыктап келип, курултайда Президент өтө актуалдуу маселени көтөргөндүгүн белгилеп кетебиз. Өлкө башчысынын тилегинде Дүйшөндөй өз кесибин сүйгөн, балдар менен иштөөдөн ырахат алган, берген билими жугумдуу адистердин мектептерге келиши билим берүүдөгү реформанын негизин түзөт. Чындыгы, кандай гана мыйзамдарды кабыл албайлы, мугалимдин айлык маянасын көбөйтпөйлү, реформаларды жүргүзбөйлү, эгерде мугалим чын дилинен берилип иштебесе, ишине “мойнунан байлагандай” мамиле кылса эч кандай жыйынтык болбойт. Эгерде билим берүү системасында реформаларды жүргүзөбүз, Президентибиздин тилегин ишке ашырабыз десек, мугалимдик кесипке татыктуу, жөндөмдүү, мотивациясы күчтүү жаштарды кабыл алышыбыз зарыл. Бул маселеде педагогика жана психология илимдеринде атайын изилдөөлөр жүргүзүлүп, болочок мугалимдин кесиптик жарактуулугун аныктоо боюнча атайын методикалар иштелип чыгып кабыл алуу процессинде Союз мезгилинде ийгиликтүү колдонулуп келген. Бирок Министрлик мындай кадамга даярбы?

Мугалимдик кесипке үгүт иштерин жүргүзүүдө “Кут билим ” гезитинин орду чоӊ. Ошондуктан гезитке болгон каалообуз: көбүрөөк мугалимдик ишмердикти пропагандалаган материалдарды, алдыӊкы педагогикалык тажрыйбаларды, өз кесибине чын дилинен берилип чыгармачыл иштеп жаткан мугалимдердин тажрыйбаларын ар тараптуу чагылдырууну редакциядан суранып кетээр элек. Министрлик атайын каражат бөлүп мугалим жөнүндө позитивдүү көркөм тасмаларды тарттырып, педагогдук кесипти даӊазаласа жакшы болоор эле.

**Адабияттар**


1. А.Атамбаев. Эртеӊкиге эӊ чоӊ инвестиция-бүгүнкү билим || Кыргыз Туусу №69. 28.08.2015).
2. Кийизбаева Ч. Канча кадр жетишпейт ||Кут билим. 11.09.2015

3. Т. Абдрахманов. Мугалим даярдоодогу єксіктєрдін чыныгы себептери. || Кутбилим 24.08.2015.

4. Айтматов Чынгыз. Чыгармалардын жыйнагы: 2 том. Биринчи мугалим | тїз. А.Акматалиев–Б., 2002. .

5. Сластенин – М., Изд.Дом. Магистр-Пресс, 2000.

6. Харламов И. Ф. Педагогика. Учебн. пособие – 3-е изд. -М. 1997.

7. Сухомлинский В.А. Мугалимге жїз насаат.Ф.1983.

8. Педагогика.| Б.А. Апышов., Д. Бабаев, Т.А. Жоробеков – Б. 2002.

9. Э.Сариева. Качественное образование-залог успешного развития страны. Кутбилим 24.08.2015

10. Кыргыз Республикасынын билим берүү кызматкерлеринин III съездиндинин резолюциясы. Кут билим. 11.09.2015.